өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ талабы боюнча;

- санитардык-техникалык аспаптарды таза кармөө;

- вентиляциялык стояктардын тазалануусун ишке ашыруу;

- канализацияны колдонууга уруксаат алууга чейин үй ичиндеги (аянт ичиндеги) канализациялык тармактын кудуктарындагы "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ коюлган пробкаларынын сакталышын камсыздоо,эрежелерди бузуу натыйжасында суутүтүк-канализациялык тармактын жана курулмалар бузулса оңдоо жана калыбына келтирүү иштери жүргүзүлсүн;

- берилген эрежелерди бузуу натыйжасында суутүтүк-канализациялык тармактар жана курулмалар бузулса оңдоо же калылыбына келтирүү иштерин жүргүзүү. Оңдоо иштери "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ өкүлдөрүнүн техникалык көзөмөлүндө жүргүзүлөт.

- өзүнүн колдонуу жоопкерчилигинин зонасында жайгашкан суутүтүк жана канализациялык тармактардын туура эмес кармоонун натыйжасында келтирилген материалдык зыянды юридикалык жана физикалык жактарга төлөп берүү;

- суукетирүү жана (же) суукамсыздоо келишими боюнча "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ өзүнүн милдеттерин аткарбаса бузулган милдеттери көрсөтүлгөн акт түзүлөт;

- авариялык абалды жок кылуу жана (же) оңдоо профилактикалык иштерди өткөрүү үчүн (5 күнгө чейин) эскертүүдө көрсөтүлгөндөй "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ эскертүүсү боюнча суутүтүк-канализациялык тармактарга жана курулмаларга эркин кирүү берилсин. Эскертүү аткарылбаса өткөрмө түтүктөн 3м/сек. ылдамдыкта ичүүгө жарактуу суунун агып кетишине абонентке эсеп жазылат.

3.7. ""Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ милдеттүү:

- абонентти стандартка ылайык (СанПин 2.1.4.559-96 "Ичүүгө жарактуу суу" суу камсыздоо борбордук системасынын суунун сапатына болгон гигиеналык талаптары) ичүүгө жарактуу суу менен камсыздоо;

- абонентке берилген ичүүгө жарактуу суунун сапатын системалык көзөмөлдөө,кирдегендигинин булактарын таап жана суукамсыздоо объекттеринин системасынан өчүрүү.

- абонентке таандык суутүтүк-канализациялык тармактардын коопсуздугун жана керектүү техникалык абалын түзүлгөн келишимдин алкагында камсыздоо. Суу түтүк-канализациялык тармактарынын техникалык тейлөө боюнча иштери коюлган нормаларга жана эрежелерге ылайык аткарылат;